Бекитем: ____________
Мектеп директору: Саякбаева Н.Ш.

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин ата-энелер комитетинин жобосу.**

**I. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү Уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.

1.2. Ата-энелер комитети жөнүндө жобо ата-энелердин жалпы мектептик чогулушунда кабыл алынып, бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен ишке киргизилет.

1.3. Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары - «комитет» - деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчет) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - 3-жыл (же комитеттин жылына үчтөн бири алмаштырылып турат).

1.4. Анын иш аракеттерин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

1.5.Комитеттин иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндөгү» Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү» типтүү жобого, «Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы» жана ушул Жобого ылайык ишке ашырылат.

1.6. Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

**II. Негизги милдеттери. Ата-энелер комитетинин милдеттери:**

2.1. Жалпы билим берүүчү мектептин жетекчисине: - мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарында балдар менен мектеп жашындагы өспүрүмдөрдүн милдеттүү түрдө жана акысыз бекер жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алуусуна; - мамлекеттик билим Берүү уюмдарындагыдай эле мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмдарында да Кыргыз Республикасынын Ченемдик - укук актыларына ылайык, окуучулардын окуу жүктөмү (нагрузкасы), сабактардын тартиби, үйдөн о к уусуна жана дарылоо мекемелеринде окутууга); - жалпы мектептик иш чараларды уюштурууга жана аларды өткөрүүдө көмөк көрсөтөт.

2.2.Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларынын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен алардын укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү, үй-бүлөдө баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди жүргүзүү болуп эсептелет.

**III. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин функциялары.**

3.1. Окуу-тарбиялык процессти уюштуруу үчүн (окуу китептерин, көрсөтмө усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого, окутуу жабдуулары менен камсыз кылууга ж.б.) оптималдуу шарттарды камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттердин иш-аракеттерин координациялайт.

3.3. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары менен милдеттери жөнүндо түшүндүрүү жана консультативдик иштерди өткөрөт.

3.4. Жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелер комитетинин билгилигине (компетенциясына) таандык жалпы мектептик ж.б. иштерди өткөрүү маселелери боюнча тең башкаруунун башка да органдары менен бирге өз ара иш алпарат.
3.5. Жалпы билим берүү уюмун жаңы окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.
3.6. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануусунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн сапатын уюштурууну көзөмөлдөйт.
3.7. Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш-жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.
3.8. Өз дарегине, ошондой эле ушул Жобо тарабынан комитеттин билгилигине таандык Жобо тарабынан белгиленген маселелер боюнча түшкөн кайрылууларды жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин тапшыруусу боюнча карап чыгат.
3.9. Комитеттин билгилигине кирген маселелер боюнча жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкуулайт.
3.10.Билим берүү процесси жүзөгө ашыруунун жана санитардык-гигиеналык эрежелери менен нормаларын аткаруунун коопсуздук шарттарын уюштурууга катышат.
3.11. Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ыңгайларын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенет.
3.12. Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды, көзөмөлсүз жана кароосуз калгандардын алдын алуу маселеси боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жамааттары менен бирге ө з ара иш алпарат.

**IV. Ата-энелер комитетеринин укуктары. Ушул Жобо тарабынан белгиленген билгиликтерге ылайык ата-энелер комитети:**

4.1. Жалпы билим берүүчү уюмдун жетекчисине жана башка да жалпы билим берүүнүн өзүн-өзү башкаруу органдары менен анын жетекчисине тийиштүү сунуштарды киргизип, аларды кароонун жыйынтыктары жөнүндө алардан талап кылууга;
4.2. Балдардын укугун коргоо маселелери боюнча билим берүү органдарына, билим берүү уюмдарына жана башкаларга түшүнүк алуу боюнча кайрылууга;
4.3. Окуучулардын билим алуусун жеңилдетүү жана анын сапатын жакшыртууну камсыз кылуу маселелери боюнча жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинен маалымат алып, анын ишин угууга, мектептик материалдык-техникалык жактан камсыз болуп, аны бекемдөө боюнча мектептин жетекчисин угуп, андан маалымат алууга;
4.4.Класстык ата-энелер комитеттеринин көрсөтүүлөрү (чечимдери) боюнча окуп жаткан окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн отурумдарына чакырууга;
4.5. Жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкулоо иштерине катышууга;
4.6.Үй-бүлөсүндө балдарын тарбиялоодон баш тарткан ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) коомдук жаза берүүгө;
4.7.Комитетте жигердүү иштеп, жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүдө көмөк көрсөткөн окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрдө) сыйлоого;
4.8. Өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн комитеттин мүчөлөрүнүн жетекчилиги астында туруктуу же убактылуу комиссияларды уюштурууга;
4.9. Ата-энелердин класстык комитеттери, коммтеттин туруктуу же убактылуу комиссиялары жөнүндө чектелүү актыларды иштеп чыгууну уюштуруу;
4.10.Комитеттин билгилигине тийиштүү маселелер боюнча педагогикалык кеңештин же башка өзүн-өзү башкаруу органдардын айрым отурумдарына комитеттин төрагасы катышууга;

4.11.Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) ортосунда балдарды үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиялоо окуучулардын кызыкчылыгын коргоо сыяктуу бирин-бири өз ара түшүнүү сыяктуу маселесин жөнгө салуу;
4.12.Күчүндө турган ченемдик-укук актыларына ылайык чечимдерди кабыл алууга;
4.13.Ата-энелер комитетинин ишине катышпаган жана жоопкерчилиги төмөн же шалаакылыкка жол берген комитеттин айрым мүчөлөрүн кайра чакыртып алуу конференцияга сунуш кылууга укуктуу болуп эсептелет.

**V. Ишти уюштуруу.**

5.1.Комитеттин курамына окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) өкүлдөрү ар бир класстан бирден киши кирет (ал эми жалпы билим берүүчү уюмдун класстарынын санына жараша параллель класстардын ар биринен бирден өкүл кирип, ар бир класстан 2ден өкүл болушу мүмкүн). Комитеттинн өкүлдөрү окуу жылынын башталышында (15-сентябрга чейин) жыл сайын ата-энелердин класстык чогулушунда шайланышат.
5.2.Комитеттин сандык курамьт ата-энелердин конференциясында аныкталат.
5.3.Комитет өзүнүн курамынан төрага шайлайт (алардын сандык курамына жараша төраганын орун басарлары жана катчы шайланат).
5.4.Комитет мектептин директору менең макулдашылган план жана тартип боюнча иштейт.
5.5. Өзүнүн иши жөнүндө комитет бир жылда 2ден кем эмес ата-энелердин жалпы чогулушунда тактама (отчёт)берет. Чогулушта чечим жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.
5.6. Комитет өзүнүн чечимин отурумда анын мүчөлөрүнүн жарымы катышканда гана кабыл алат.
5.7. Өзүнү билгилигине иштиктүү маселелер боюнча комитеттин катталуусу менен билим берүү уюмунун атынын жүргүзүлүп, ал документтерге билим берүү уюмунун жетекчиси менен комитеттин төрагасы кол коюшат.

**VI. Иш кагаздарын жүргүзүү**

6.1. Комитет өзүнүн өткөргөн конференцияларынын отурумдары менен жалпы мектептик ата-энелер чогулуштарынын протоколдорун, токтомдорун жүргүзөт.
6.2. Ата-энелер комитетинин иш планы, тактама-отчёттору менен протоколдору жалпы билим берүү мекемесинин кеңсесинде сакталат.
6.3. Комитеттеги иш кагаздарын алпаруу жоопкерчилиги комитеттин төрагасына же катчыга жүктөлөт.

Уюштуруучу: ____________ Мухамбет кызы А.

Бекитемин:

Итикул Молдобаев атындагы

орто мектебинин директору:

Саякбаева Н

“ 1 ” ________ 2022-жыл

Нарын облусу,Ак- Талаа району, Жерге Тал айылы, Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби

“Ата-энелер мектебинин “ жобосу

*Максаты: ата-энелер менен бирдикте окуучулардын билим –тарбия сапатын жакшыртуу, өркүндөтүү*

*“Ата-энелер мектебинде” 5-класстан баштап ар бир класстын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып,үй-бүлөөдө балдарды туура тарбиялоодо ата-энелерге жардам берүүчү ,усулдук багыт берүүчү темалар камтылды.*

*Жободо алгач -5-11-класстардын ар биринин жаш өзгөчөлүктөрү,моралдык –психологиялык өсүү закон ченемдүүлүктөрү жана ошолорго ылайык тарбиялык таасир берүү методдору камтылды .Мында балдарды мектепке ,мугалимге сый –урмат көрсөтүүгө , китепке,билимге кызыгууга тарбиялоо, моралдык –психологиялык климат,өзүн-өзү тарбиялоо ,өзүн-өзү тейлөө ,акыл эмгеги жөндөмүн өстүрүү ,ой-өрүшүн, кругозорун өстүрүү ж.б темалар камтылды.Өзгөчө балдардын үй тапшырмасын аткаруусун уюштуруу,ага шарт түзүү , контролдоо ,эс алуусу ,тамактануу, ойноо,эмгектенүү жана башкаларды туура уюштурууга маани берилди.*

*Балдардын чарчап чаалыгуусу,баш нерв ооруусунун алдын алуу ,ден-соолугун чыңдоо ,спорт менен машыгуусуна арналган темалар бар. Бала тарбиясында ата-эненин жеке үлгүсү ,тарбиянын максаттары,методдору,сырлары жөнүндөгү темалар берилип,практикалык ишине,машыгуу көнүгүүсүнө сааттар бөлүндү.*

*Класстарына ылайык тарбиянын түрдүү багыттары :акыл-эс,адептүүлүк,ыйман,этика жана башкалар камтылды.Класстар жогорулаган сайын ата-энелерге өтүүлүүчү темалар бир аз татаалданып,жаш өзгөчөлүгүнө карата темалар бар .Мисалы: 9-10-класстарга :Эл-жерин сүйүү,досторду,чөйрөнү туура тандоо камтылды,адамдар менен туура мамиле кылууну, балдар менен кыздарды тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү берилди.*

*9-11-класстарда зачет,экзамен,ЖРТке даярдануу ,убакытты туура пайдалануу ,ишмердүүлүкту уюштурууга үй-бүлөдөгү тарбиялоого багыт берилди.Ар бир темага 2сааттан убакыт бөлүнүп, анын бир сааты теория,бир сааты практикалык иш,тренинг,тажыйба алмашуу ж.б түрүндө өтүлөт.*

*Ата-энелер мектебинин бул сабактарында, балдары мыкты окуган ата-энелер ,тажрыйбалуу лекторлор ,дарыгерлер ж.б.атактуу инсандар чакырылып, жолугуушулар өткөрүлөт.Ар бир тема өтүлгөндөн кийин ,кийинки сабакта текшерилип, атайы журналга бааланып, андан кийин жаңы тема өтүлүп турат.Ата-энелер мектеби курсунун акырында тегерек стол ,тажрыйба бөлүшүү,суроо-жооп,анкета толтуруу,үлгүлүү үй-бүлөөлөргө экскурция уюштурурулат.Программа жаңы сунуштар менен толукталып,өркүндөтүлөт.*

Бекитемин:

Итикул Молдобаев атындагы

орто мектебинин директору:

Саякбаева Н

“_1_”_____2022-жыл

## Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби

## “Ата-энелер мектебинин “2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы

| № | Темалар | Теория | практика | Өтүлүү күнү | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер мектебинин максаты жана мааниси | 1 | 1 | | |
| 2 | 11-17 жаштагы балдардын үй-бүлөөдө эс алуусун,сабак даярдоосун уюштуруу | 1 | 1 | | |
| 3 | Бул жаштагы балдардын жаш өзгөчөлүктөрү жана аларды тарбиялоонун өзгөчөлүгү | 1 | 1 | | |
| 4 | Олимпиадага даярдануу | 1 | 1 | | |
| 5 | Билим алууда проблеманы аныктаган окуучулар менен иш алып баруу | 1 | 1 | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | *Өзүн-өзу тарбиялоо,өстүрүүгө багыт берүү* | 1 | 1 | | |
| 7 | *Эл жерин суйүүгө досторду,чөйрөнү туура тандоого жана туура мамиледе болуу* | 1 | 1 | | |
| 8 | *Жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдык* | 1 | 1 | | |
| 9 | *16-17 жаштагы балдарга сунушталган адабий китептер жана аларды чогуу окуу* | 1 | 1 | | |
| 10 | *Ата-энелер мектебинин жыйынтыктоо, бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо* | 1 | 1 | | |

Жетекчиси:______Шыгаева А

Бекитем: ________

Мектеп директору: Саякбаева Н.Ш.

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин ата-энелер комитетинин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер комитетинин курамын тактоо. Жылдык план түзүп бекиттирүү<br>Окуу процесси , мектеп ичинде аткарыла турган иштер менен таанышуу<br>Үч тараптуу келишимди талкуулоо;<br>Ата-энелер мектебине ата-энелерди тартуу. Түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Сентябрь айы | Уюштуруучу<br>Мухамбет кызы А<br>Ата-энелер комитети<br>Ашымбекова А.<br>Соц педагог<br>Касмалиева А.<br><br>Шыгаева А.<br>Ашыркожоева С. |
| 2 | 1-чейректин жыйынтыгы менен таанышып, 2-чейрекке милдеттемелерди алуу<br><br>"Тарбия , адептүүлүк балага үйдөн берилет, ал эми мектептен ага билим берилет" деген темада доклад | Ноябрь айы | Ата-энелер комитети<br>Ар бир класстын ата-энелер комитеттери |
| 3 | Окуу жылынын 1-жарымындагы балдардын жетишкендиктери боюнча маалымат алуу, жетишпеген балдарга ата-энелер милдеттенме алуу<br><br>"Ата-энелер – балдардын биринчи мугалимдери" деген темада тренинг өтүү | Январь айы | Ата-энелер комитети<br><br>Уюштуруучу |
| 4 | 3-чейректин жыйынтыгы боюнча маалымат алуу, 4-чейрекке милдеттенмелерди алуу<br><br>Жазгы айлана-чөйрөнү тазалоого. Балдарды эмгекке тарбиялоого жардамдашуу | Апрель айы | Ата-энелер комитети<br><br>Уюштуруучу |
| 5 | Жашылдандыруу иштерине активдүү катышуу,<br>Мектептин көмөкчү чарбасын иштетүүгө көмөк көрсөтүү. | Апрель, Май айлары | Ата-энелер комитети<br>Жалпы ата-энелер |
| 6 | Энелер күнүнө карата иш чара өтүү | Май айы | Ар бир класстын ата-энелер комитеттери |
| 7 | Ата-энелерди мектептин коомдук иштерине тартуу, катыштыруу | Дайыма | Ата-энелер комитети |

Уюштуруучу: ________ Мухамбет кызы А.

Ата-энелер комитети: ________ Ашымбекова А.

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында өткөрүлгөн жалпы ата-энелер жыйналышынын токтому №1**

14-сентябрь 2022-жыл Жерге-Тал айылы

**Катышты:** 39 ата-эне

**Жыйналыштын прездиуму:**

**1.Саякбаева Н.Ш..** – Мектеп директору

**2.Мухамбет кызы А.** – Уюштуруучу

**3. Касмалиева А.Т.** – Соц педагог

**4. Ашымбекова А.** – Ата-энелер комитетинин төрайымы

**5.Шыгаева А.Б.** – Ата-энелер мектебинин 5-11-класстардын ата-энелери боюнча жетектөөчүсү

**6. Ашыркожоева С.К.** – Ата-энелер мектебинин 1-4-класстын ата-энелери боюнча жетектөөчүсү

Каралуучу маселелер:

1. Ата-энелер комитетинин жылдык иш планы менен таанышуу. Ата-энелер комитетинин төрайымы Ашымбекова Айпери
2. Мектеп ичинде окуу процессин уюштуруу. Үч тараптуу келишим менен соц педагог Касмалиева Айнура Турарбековна тааныштырат.
3. Мектепте 1- 4-класстарга ысык тамактын берилиши боюнча уюштуруучу Мухамбет кызы Асем маалымат берет.
4. Ата-энелер мектебинин планы жана жобосу менен Шыгаева Алтынай Бактыбаевна жана Ашыркожоева Сайра Кадырбековна тааныштырат
5. Ар кандай маселелер

Жыйынды мектеп директору ачты:

**Саякбаева Н.Ш. :** - Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер. Баарыңыздарды бүгүнкү жыйында көрүп турганыма абдан кубанычтамын. Сиздерди жаңы окуу жылынын башталышы менен куттуктайм. Тарбия башаты – үй бүлө демекчи, сиздер ушундай келишимдүү, акылдуу, адептүү балдарды төрөп, өстүрүп, мектепке жөнөтүп жатасыздар. Сиздерге ал үчүн рахмат айтып кетем. Бала тарбияны үйдөн алат экен. Баланын бир канаты сиздер , бир канаты мугалимер. Эки канат бирдей күүлөнүп, бирдей кагылганда куш бийик учкан сымал, сиздер менен биз биргеликте , ынтымакта иш алып барганда гана бала ийгиликке жетээрин эске алалы. Кийинки жыйналыштарда аталарды жөнөтсөңүздөр. Аталарды да мектеп турмушуна аралаштыралы деген ойду айткым келип турат. Анда жыйында каралуучу маселелерден биринчи маселе боюнча ата-энелер комитетине сөз берели.

**Ашымбекова А.:** - Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер. Баарыңыздарды жаны окуу жылынын башталышы менен куттуктап кетүүгө уруксат этиңиздер. Баарыбыз бала деп жашайт экенбиз. Тилеген тилек, ойлогон оюбуз орундалып, балдарыбыз билимдүү болсун. Мектептин, айылдын атын чыгарган атактуу уул-кыздардан болушсун. Биз былтыркы окуу жылында ата-энелер комитети болуп 3 жылга бекигенбиз. Сиздердин колдоонуздар менен мектептин коомдук турмушуна салымыбызды кошуп, иш алып баруу быйылкы планыбызга да киргизилди. План менен таанышып, алымча кошумчаныздар болсо айтыңыздар. Суроо, сунуш-пикирлериңиздер барбы?

План бир добуш менен кабыл алынды.
2-маселе боюнча соц педагог Касмалиева А. сөз сүйлөдү.
**Касмалиева А.:** - Саламатсыздарбы бүгүнкү жыйналыштын катышуучулары. Баарыңыздары түгөлү менен бүгүнкү жыйында көрүп турганыма абдан кубанычтамын. Сиздерге ден-соолук, балдарга ыйман каалайм. Мектеп, окуучу, ата-эне тарабынан үч тараптуу келишим 3 жылда бир кабыл алынып жүрөт. Келишимдин шарты менен таанышыңыздар. Себепсиз калган жана телефонун мектепке алып келген окуучуга кандай чара көрөлү? Кандай сунуш-пикирлериңиздер бар? Айтсаңыздар.
Жарыш сөзгө чыккандар
**Жусупжанова Б.:** - Телефон алып келүүгө катуу эле чара көргүлө. Биз ага кошулабыз. Телефон баланы сабактан алаксытат. Биринчи, экинчи жолкусуна эскертүү берилсин. Үчүнчүсүндө телефонун бекитип салгыла. Мен мисалы макулмун.
**Турдалиева Ч.:** - Чейрегине бир жолу уруксат сураганга мүмкүнчүлүк бериниздер деп сунуштайм. А себепсиз калган окуучуну 1-жолкусун кечирим берсеңиздер. 2-жолкусунда мектептин ички учетуна алынсын дегени туура эле го. Себепсиз алып калбаганга аракет кылабыз да болушунча.
3-маселе боюнча Мухамбет кызы А. сөз берилди.
**Мухамбет кызы А.:** - Саламатсыздарбы ата-энелер. Жаны окуу жылында баарыбыздын ишибизде ийгиликтер болсун. Өзүңүздөр билгендей 1-4-класстын окуучулары ысык тамак ичет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 118-сентябрындагы №673 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципиалдык жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын тамак ашын уюштуруу жөнүндө” токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 27-августундагы №427, 2019-жылдын 7-октябрындагы №527 токтомдоруна ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципиалдык жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучулардын тамак ашын уюштуруу жөнүндө жобого ылайык берилип келе жатат. Биздин мектеп быйылкы жылдан баштап Мерсико уюму менен иш алып барбай калдык. Буга чейин Мерсико уюму ун, суу май, горох, чечевица менен камсыздап келген. Быйыл менюда 3 күн ысык тамак, 2 күн булочка , компот болуп жатат. Мектептин алдында уюшулган көмөкчү чарбада айдалган картошка, кызылча, сабиз бышса менюга булочка, компот болгон күндөргө жашылча салаттарын кошуу пландалууда.
4-маселе боюнча Шыгаева А. жана Ашыркожоева С.га сөз берилди.
**Шыгаева А.:** - Саламатсыздарбы ата-энелер. Сиздерди көрүп турганыма абдан кубанычтамын. Быйыл министрликтин буйругунун негизинде ата-энелер мектеби ачылганы турат. Айына бир жолу сабак өтүлүп турат. 5-11-класстардын ата-энелерин окутуу милдети мага жүктөлүп отурат. Сиздер менен биргеликте жакшы маалымат алмашып, жыл аягында окууну ийгиликтүү аяктайбыз деп үмүт кылам. Ата-энелер мектебине калтырбай келип, активдүү катышасыздар деп ойлойм. Жыл аягында активдүү ата-энелерге кызыктыруучу сыйлыктар, грамоталарды уюштурууга болгон аракетимди жумшайм. Биздин топто 12-17 жаш курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, баланын окууга даярдыгы, олимпиада, ЖРТда ийгилик жаратуусуна салым кошуу сыяктуу темаларды козгойбуз. Мектепке катталууну каалагандар мага келип жазылыңыздар.
**Ашыркожоева С.К.:** - Арбаңыздар ардактуу ата-энелер. Аман турасыздарбы? Баарыңыздардын балдарыңыздар билимдүү, ийгиликтүү жаштардан болушуна тилектешмин. Мага 1-4-класстын ата-энелерин окутуу ишеними көрсөтүлүп жатат. Сиздер менен биргеликте балдардын психологиялык, моралдык абалын, окутуу, окууга

кызыктыруу боюнча билимдерге ээ болуп, жылдын аягында ата-энелер мектебинин алгачкы активдүү бүтүрүүчүлөрү болуп чыгасыздар деген ойдомун. Жыл этегинде активдүүлүгүн көрсөткөн алдыңкы бүтүрүүчүлөргө кызыктыруучу белектерди уюштурууга аракет кылабыз.
Ар кандай маселелерде мыйзамсыз акча чогултуулар боюнча буйрук менен мектеп директору тааныштырды. Ата-энелер буйрук менен таанышып кол коюшту.

Жогорудагы маселелерди угуп чогулуш токтом кылат:

1. Ата-энелер комитетинин курамы мурдагысынай калып, Ашымбекова А. ата-энелер комитетинин төрайымы, мүчөлөрү Рысбек кызы К., Кулмурзаев С. бекитилсин. Ата-энелер комитетинин планы кабыл алынып, бекитилсин.
2. Уч тараптуу келишим кабыл алынып, тараптар кол коюшсун. Кол койдуруу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
3. Ысык тамак боюнча маселе ата-энелер комитеттери тарабынан өзүнчө каралсын.
4. Ата-энелер мектебинин планы жакшы деп табылсын. Ата-энелер мектебине жазылган ата-энелердин тизмесин тактоо Шыгаева А. жана Ашыркожоева С. милдеттендирилсин.
5. Ата-энелер тарабынан акча чогултуу иштери токтотулуп, № буйрукка ылайык иш алып барылсын.

Жыйналыштын төрайымы: ____________ Саякбаева Н.Ш.

Катчы: ____________ Мухамбет кызы А.

**Жалпы ата-энелер чогулушунун № 3 протоколу**

10-февраль 2022-жыл

Жерге-Тал айылы

**Катышты: 42** ата-эне

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. 2021-2022-окуу жылынын 1-жарымынын жыйынтыгы. Окуучулардын билим сапаттары жөнүндө маалымат. Мектептин быйылкы окуу жылындагы жетишкендиктери. Окуу бөлүмүнүн башчысы Куштарбек кызы Гүлзаттын билдирүүсү
2. "Ата-эне мектеп биригип, жараталы ийгилик" деген темада тренинг
3. Мектептин алдында түзүлгөн көзөмөлчү кеңеш жана демилгечи топторду түзүү боюнча

Чогулушту мектеп директору Саякбаева Н.Ш. ачты.

**Саякбаева Н.:** Саламатсыздарбы ата-энелер. Сиздер менен жолугушуп жатканыма абдан кубанычтамын. Бүгүнкү сиздер менен чогулуш жасап жатканыбыздын максаты ата-энелер менен мектептин байланышын дагы да күчөтүү жана окуучуларды ийгиликке биргеликте шыктандырып жеткирүү. Сиздер бүгүнкдөй активдүү келип турсаңыздар балдардын келечеги кең болот деп ишенем.

**Куштарбек кызы Г.:** Саламатсыздарбы ата-энелер. Биздин мектепте быйылкы окуу жылында жалпы 113/64 окуучу, даярдоо классында 26/12 окуучу окуп жатат. 1-класста 13/8 окуучу окуйт. 1 окуучу кетип, 1 окуучу келип кошулду. Класс жетекчиси Биримкулова Р. 2-класста 10/5 окуучу окуйт. Класс жетекчиси Ибраимов К. 1-2-класска баа чыкпайт. 2-класска 3-чейректен баштап баа чыга баштайт. 3-класста 16/10 окуучу окуйт. Класс жетекчиси Данияров Р. 1 окуучу инклюзивдүү окууда окуйт. Билим сапаты 1-чейректе 46%2-чейректе 40%. 4-класста 14/6 окуучу окуйт. Класс жетекчиси Курманалиева Б. Билим сапаты 1-чейректе 90%, 2-чейректе 50%ды түздү. Жалпы 1-4-класста 53/29 окуучу окуса анын 1-чейректеги билим сапаты 68%, 2-чейректе 45% болду. 5-класста 11/4 окуучу окуйт. Класс жетекчиси Ибрагимова А. Билим сапаты 1-чейректе 54%, 2-чейректе 54%. 6-класста 9/6 окуучу окуйт. Класс жетекчи Мамиева Ш. Билим сапаты 1-чейректе 77%, 2-чейректе 55%ды берди. 7-класста 5/2 окуучу окуйт. Класс жетекчиси Шаршенбекова Т. Билим сапаты 1-2чейректе өзгөрүүсүз 40%ды түздү. 8-класста 11/8 окуучу окуп жатат. Класс жетекчиси Касмалиева А. Билим сапаты 1-2-чейректе 45%ды берди. 9-класста 8/6 окуучу окуйт. Класс жетекчи Кеңешбек кызы Н. Билим сапаты 1-2-чейректе өзгөрүсүз 38% болду. 5-9-класстарда жалпы 44/27 окуучу окуйт. Билим сапаты 1-чейректе 51%, 2-чейректе 46% болду. 10-класста 9/7 окуучу окуйт. Класс жетекчи Акунсартова А. Билим сапаты 1-чейректе 44%, 2-чейректе 62%ды түздү.

11-класста 7/2 окуучу окуйт. Класс жетекчиси Шыгаева А. Билим сапаты 1-чейректе 28%, 2-чейректе 42% ды берди. Жалпы 10-11-класстарда 15/9 окуучу окуйт. Билим сапаты 1-чейректе 36%, 2-чейректе 52% болду. Быйылкы жылы мектепти окууга даярдоо иштеринде мектептен даараткканага чейинки жол цементтелди. Мектепте жумалык иш чаралар, ар бир даталуу күндөргө карата иш чаралар уюштурулуп турат.(слайд менен фото отчеттор көрсөтүлдү)

"Ата-эне мектеп биригип, жараталы ийгилик" деген темадагы тренингде талкуу жүрдү. Ата-энелер активдүү катышып, жарыш сөзгө чыгышты.

**Оксенаева Г.:** -Биринчи кезекте бала окууга өзү аябай кызыгыш керек. Мен баламдын ийгиликке жетиши үчүн аябай аракет кылдым, убакыт бөлүп бердим, формулаларды дубалга илдирип коюп улам сурап турдум. Балам өзүнө абдан ишенип алгандыктан олимпиадага барганда орунга жетпей калды го деп ойлоп калдым. Эми ЖРТга жакшы даярдануусун камсыз кылам. Окууларга жиберем.

**Мусаева К. :** -Менин кызым азырынча 7-класста окуйт. Олимпиадага тарых предметинен барууга даярдана баштады. Мен дайыма кызыма убакыт бөлүп берем. Сабактарын кенен окушуна шарт түзүп берем. Сабактарына катышам. Мугалимдер да курстарды окуп андан ары өнүксө деп ойлойм. Азыр заман жакшы интернеттен маалымат издесе да болот.

**Оморова Т.**: - Балдары жакшы окуса экен деп ар бир эле ата-эне тилесе керек. Мен да балам ийгиликтүү болсо деп каалайм. Андыктан анын окуусуна колдон келишинче шарт түзүп берип келе жатам. Сырттан курс окуп келүүсүнө кээде каражат таба албай калган күндөр болот. Ошондой кырдаалда мугалимдер көмөк көрсөтсө жакшы болмок.

**Рысбек кызы К.:**- Менин балдарым азырынча кенже класстарда окушат. Кийин жогорку класска барганда олимпиадага жиберип, мектептин намысын коргошуна азыртан даярдап келем. Бардык ийгиликте биргелешип аракет кылуу жемишин берет. Мугалимдер мектепте өз аракетин кылып, балага туура жол көрсөтсө, ата-эне каржылап, үйдөгү убактысын туура колдонуусун көзөмөлдөп, убакыт берсе, бала өзү кызыгып аракет кылса анан ийгилик жаралат.

**Бакасова С.:** - Мен окуучу болгонумда кыргыз тилинен олимпиадага бармакмын. Өзүм аракет кылып окуйт элем. Изденмекмин. Ийгилик окуучунун аракетинен гана көз каранды. Ата-эне, мугалим балага жардамчы, жол көрсөткүч болот. Балдарга жеткен ийгилиги өзү үчүн керек экендигин дайыма айта жүрүшүбүз керек.

Жалпы ата-энелердин пикирин эске алып төмөнкү 5 эрежени кабыл алышты:

1. Изденүүчүлүк, кызыгуу.
2. Убакытты туура пайдалануу
3. Ар ким өзү үчүн
4. Ынтымак
5. Ийгилик

3-маселе боюнча мектеп директору ата-энелерге көзөмөлчү кеңеш жана анын алып бара турган иштери боюнча маалымат берди. Көзөмөлчү кеңештин курамы менен тааныштырды. Көзөмөлчү кеңешке жардам берүү үчүн түзүлө демилгечи топко мүчө болууну сунуштап, ата-энелерден Кожоналиева С., Оморова Т. жана Турдалиев К. өз каалоолору менен демилгечи топко мүчө болушту.

Жогорудагы маселелерди угуп чогулуш токтом кылат.

**Токтом:**

1. Ата-энелер балдарынын билим сапатын көтөрүүгө көмөк көрсөтүшсүн, сабактарына катышсын жана үйдөн көзөмөлдү күчөтүшсүн.
2. "Ата-эне мектеп биригип, жараталы ийгилик" тренингинин жыйынтыгында жалпы кабыл алынган төмөндөгү эрежелер ар бир ата-эне, окуучу, мугалимге милдеттендирилсин. 1)Изденүүчүлүк 2)Убакытты туура пайдалануу 3) Ар ким өзү үчүн 4) Ынтымак 5)Ийгилик
3. Демилгечи топтун мүчөлүгүнө Кожоналиева С., Оморова Т., Турдалиев К. бекитилсин.

Мектеп директору: ____________ Саякбаева Н.Ш.

Уюштуруучу : ____________ Мухамбет кызы А.